Каралды
АК 2024 жылдын 4 июнундагы отуруму №9 протоколу
Бекитемин агенттиктин
Директору _____________ Бостонова П.З

**БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА «САПАТТУУ БИЛИМ» АГЕНТТИГИНИН АККРЕДИТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ ТУУРАЛУУ ЖОБО**

## I. *Жалпы жоболор*

1.1 Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккедитациялоо боюнча «Сапаттуу билим» Агенттигинин Аккредитациялык кеңеши жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) төмөндөгүлөргө ылайык иштелип чыккан:

- КРдин 2023ж. 11 августтагы «Билим берүү мыйзамына»;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери»
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 “Улуттук квалификациялык алкактарды бекитүү жөнүндө” токтому
- Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча «Сапаттуу Билим» Агенттигинин Уставына жана билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ченемдик-укуктук актыларына;
- 1.2 Аккредитациялык Кеңеш (АК) Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккедитациялоо боюнча «Сапаттуу билим» Агенттигинин (мындан ары - «Сапаттуу Билим» Агенттиги) коллегиалдык органы болуп саналат, ал аккредитациянын материалдарын ачык-айкын кароонун негизинде билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо жөнүндөгү чечимдердин кабыл алынышына жооптуу болот.
- 1.3 Аккредитациялык Кеңеш өз ишмердиктерин «Сапаттуу Билим» Агенттигинин документтерине, кесиптик билим берүү сапатын камсыз кылуунун эл аралык ченемдери менен процедураларына жана ушул Жобого ылайык келген Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзөт.
- 1.4. Аккредитациялык Кеңештин ишмердиги айкындуулук, ачыктык, объективдүүлүк, жоопкерчилик жана социалдык өнөктөштүк принциптерине негизделген.
- 1.5. Аккредитациялык Кеңешке мүчө болгондордун иши «Сапаттуу билим» Агенттигинин Директору менен Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүнүн ортосунда бекитилген макулдашуулардын негизинде жүргүзүлөт.

## II. **Аккредитациялык Кеңештин милдеттери**

2.1 Аккредитациялык Кеңештин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо стандарттарын, критерийлерин, процедураларын кароо жана бекитүү;
- «Сапаттуу Билим» Агенттигинин эксперттеринин жана эксперттик комиссияларынын ишмердиктерин жүргүзүүгө зарыл болгон чечимдерди жана тиешелүү жоболорду кабыл алуу үчүн колдонмо документтерди бекитүү;
- Аккредитация тууралуу чечимдерди кабыл алуу же эксперттик комиссиянын материалдарын жана билим берүү уюмдарынын жана программаларынын БКБнын, ОКБнын жана ЖКБнын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана «Сапаттуу билим» Агенттигинин бекитилген акредитациялоо стандарттары менен

критерийлерине дал келишине берилген бааларды кароонун негизинде аккредитацияга макулдук бербөө;
- «Сапаттуу Билим» Агенттигинин ишмердигин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, ошондой эле кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү саясатты алга жылдыруу боюнча сунуштарды киргизүү;
- Аккредитациялоо боюнча, ошондой эле эксперттин же Агенттиктин эксперттик комиссиясынын дарегине келген аппелляциялар менен даттанууларды кароо боюнча комиссиянын төрагасын жана мүчөлөрүн дайындоого жана бекитүүгө.

## III. Аккредитациялык Кеңештин ишмердигин уюштуруу

- 3.1 Аккредитациялык Кеңештин курамы мамлекеттик сектордун, экономиканын реалдуу секторунун, жарандык коомдун, кесиптик уюмдардын жана академиялык коомчулуктун өкүлдөрүнөн түзүлөт. «Сапаттуу Билим».
- 3.2 Аккредитациялык Кеңештин төрагасы жана төраганын орун басары Кеңештин мүчөлөрү тарабынан жөнөкөй көпчүлүк добуш менен шайланат жана «Сапаттуу Билим» Агенттигинин уюмдаштыруучуларынын Жалпы чогулушунун чечими менен бекитилет.
- 3.3 Аккредитациялык Кеңештин катчысы «Сапаттуу Билим» Агенттигинин директорунун буйругу менен анын кызматкаерлеринин катарынан бекитилет. Аккредитациялык Кеңештин төрагасы катчынын функцияларын аныктайт. Аккредитациялык Кеңештин катчысы жыйындардын күн тартиптерин түзүү, протоколдорду даярдоо жана Аккредитациялык Кеңештин төрагасынын башка тапшырмалары боюнча иштерди аткарат.
- 3.4 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүн тандоо процедурасы «Сапаттуу Билим» Агенттигин уюмдаштыруучулардын Жалпы чогулушунун чечими менен түзүлгөн комиссия тарабынан өткөрүлөт.
- 3.5 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүнүн курамы «Сапаттуу Билим» Агенттигин уюмдаштыруучулардын Жалпы чогулушунун чечими менен бекитилет, анын курамы 7 кишиден кем болбошу жана 15 кишиден ашык болбошу керек.
- 3.6 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүн шайлоо мөөнөттөрүнүн бир мөөнөтү беш жылдан ашпайт, бирок алар жаңы мөөнөткө кайра шайлана алышат. Аккредитациялык Кеңештин мүчөсү катары студенттер үчүн шайлоо мөөнөтү анын окуу мөөнөтүнө туура келүүсү менен түзүлөт.
- 3.7 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бир бөлүгү эки жылда бир жолу жаңыртылып турат.
- 3.8 Аккредитациялык Кеңеш өз ишмердигин жыйындар формасында жүргүзөт. Видеоконференциялар режиминде анын ишине сырттан катышуу Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүнүн алыстан катышуусуна жол берүү менен Аккредитациялык Кеңештин жыйынына түздөн-түз катышуучулар катары эсептелинет.
- 3.9 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү катары менен үч жыйынга келбегендик себеби боюнча Жалпы чогулуштун чечими менен курамдын мүчөлүгүнөн чыгарылат.

3.10 Аккредитациялык Кеңештин жыйыны аккредитациянын жыйынтыктарын чыгаруу үчүн зарылдык чаралары боюнча өткөрүлөт.

3.11 Аккредитациялык Кеңештин катчысы жыйындардын протоколдорунун электрондук копияларын Аккредитациялык Кеңештин бардык мүчөлөрүнө жыйын өткөрүлгөн күндөн кийинки үч жумушчу күн ичинде таратып берүүсү керек.

3.12 Аккредитациялык Кеңештин жыйыны анын курамынын жарымынан кем эмеси катышканда гана укуктук күчкө ээ болот. Жыйынга катышкандардын жарымынан көбү чечимге макулдук добушун бергенде гана чечим кабыл алынган катары эсептелинет.

## IV. Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

4.1 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү өздөрүнүн билим берүү уюмдарын аккредитациялоого катышуу укугуна ээ эмес.

4.2 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү өз каалоосу боюнча Аккредитациялык Кеңештин курамынан чыгуу укугуна ээ.

4.3 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү аккредитацияланууучу уюм менен кызыкчылыктардын конфиликтиси болгон учурда Агенттиктин директоруна аккредитация боюнча чечим чыкканга чейин билдирүүлөрү керек.

4.4 Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү кийинки жыйынды өткөрүүнүн орду, күн тартиби жөнүндө пландаштырылган өткөрүү датасына чейин эки жумадан кем эмес убакытта кабардар болушу керек.

4.5 Аккредитациялык Кеңеш «Сапаттуу Билим» Агенттигин уюмдаштыруучулардын Жалпы чогулушуна өз ишмердиги тууралуу жыл сайын отчет берип турушу керек.